***ОшМУнун профсоюз уюму тарабынан жетекчиликке алынып иштеп жаткан “Үмүт” пансионаты боюнча маалымат.***

*ОшМУнун Ыссык-Көлдөгү (Факел)“Үмүт” пансионаты 2000-жылы Россия Федерациясынын “Тюменгаз” дын балансынан ОшМУнун баласына өткөрүлүп берилген жана 2001-жылдан баштап иштеп келе жатат жана көптөгөн окутуучу-кызматкерелердин, студенттердин ден-соолуктарын чыңдоого салым кошуп келет. Жалпы аянты 7 га. Дареги: Ыссык-Көл областы, Түп району, Ынтымак айылы.*

*2018-жылы 54 жолдомо берлиген ар бир жолдомого 2 ден адам эс алса, 108 адам ден-соолугун чыңдаган.*

*2019-жылы 36 жолдомо берилген, 72 адам эс алган.*

*2020-жылы пандемияга байланыштуу иштеген жок.*

*2021-жылы 64 жолдомо берилип , 128 адам эс алган.*

*2022-жылы 25 жолдомо берилип, 50 адам эс алган.*

*2023-жылы 38 жолдомо берилип 70 адам эс алды.*

*Пансионаттын абасы, суусу таза, пляжы коопсуз.*

*Пансионатта эки эки кабаттуу котедж 25 тен 50 орундуу эс алуучуларды кабыл алат. Мындан сырткары 6 орундуу 17 майда коттеждердин 3 гана иштейт калгандары оңдоп-түзөөгө муктаж болгондуктан иштебейт.*

*ОшМУнун профсоюз комитети ар жылы эс алуу сезонуна даярдыктарды көрүүгө мүмкүнчүлүккө жараша каражат болуп келет.*

*Быйылкы жайкы эс алуу маалында ОшМУнун профсоюз уюму “Үмүт” пансионатына эс алуучуларга жеңилдетилген жолдомолорду камсыз кылуу менен ОшМУда иштеген окутуучу-кызматкерлердин , студенттердин ден-соолугун чыңдоого мүмкүнчүлүк болушунча кам көрдү.*

*Азыркы мезгилде ОшМУ тарабынан тийиштүү каражат бөлүнүп, пансионаттын ашканасынын чатыры, 2 кабаттуу котеджердин ичи-сырты толук оңдоп-түзөөдөн өткөрүлүп жана керектүү эмеректер менен идиш-аяктар менен камсыз болуп, таза суу жана саркынды сууларды тазалоочу жайлар курулуп, 7 майда (люкс) коттедждердин фундаменттери куюлуп, сезонго чейин бүткөрүү жумуштары аткарылып, келерки жылга даярдыктар жүргүзүлүп жатат.*

*ОшМУнун профсоюз комитети.*

***ОшМУнун Ак-Буура эс алуу жайы.***

*Ак-Буура эс алуу жайы ОшМУнун карамагына ъткъндън баштап, окутуучу-кызматкерлердин жакшы эс алуусу үчүн кызмат кылып келди.*

*Алгачкы жылдары эс алуу жайды ирээтеп, бак-дарактарды олтургузуп, эс алуучу жайдагы коттеджедерди, бассейнди ремонтто иштерин , бассейнге суу келүүчү суу түтүктөрүн алмаштырууда, эс алуу жайга идиш-аяктарды алып берүүдө, профсоюз комитети тарабынан каражаттар бөлүнүп берилип турган. Эс алуучу жайда ОшМУга келген меймандар, эс алып, конференциялар, маданий-массалык иш-чаралар уюштурулуп келген. Эс алуу жайы 2012-жылдан баштап ОшМУнун чарба департаментинин карамагына өткөрүлгөн.*

***ОшМУнун Ош шаарындагы Жогорку окуу жайлар арасындагы студенттик профилакториясы.***

*ОшМУнун алдындагы ЖОЖдор аралык студенттик профилакторий Кыргыз Республикасынын Профсоюздары тарабынан 24.08.1074-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун базасында 50 орундуу профилактория, студенттердин ден-соолугун чыңдоочу медициналык мекеме болуп ачылган.*

*Кыргыз Рсепубликасынын Профсоюздар Федерациясынын Уставынын негизинде профилактория Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим кызматкерлеринин профсоюзу тарабынан каржыланып келет( медициналык кызматкерлердин айлык акылары, студенттердин тамак-ашы,дары-дармектери, ж.б.) Ал эми профилакториянын чарбалык иштери, оңдоп түзөөдө, каттуу жана жумшак эмеректер менен камсыздоо, электр жарыгы, суу ж.б. коммуналдык кызмат акылар ОшМУнун эсебинен каржыланып келет.*

*Профилактория 1995-жылы базар экономикасына байланыштуу каржы булактары токтогондо ишин токтоткон.*

*2001-жылы ОшМУнун ректораты, профсоюз комитети Ош областтык профсоюздар кеңешинин жардамы аркылуу кайрадан каражат маселеси чечилип иштей баштаган. 2001-жылы январь-февраль айларында профилакторияда ОшМУ тарабынан оңдоп-түзөө иштери да жүргүзүлүп, 2001-жылдан 2008-жылга чейин иштеди. 2008-жылы кайрадан каражаттын бөлүнбөгөндүгүнө байлангыштуу 2010-жылга чейин иштеген жок. 2010-жылдын сентябрь айынан баштап профилактория кайрадан иштей баштады. 2015-жылы профилактория ОшМУнун ректоратынын жардамы менен толук ремонттон өткөрүлдү жана көптөгөн медициналык жабдуулар менен камсыз болуп ден-соолукту чыңдоого толук шарттар түзүлдү жана бир жылда 350-400 студент ден-соолуктарын чыңдашат. ЖОЖдор аралык профилактория болгондуктан Ош шаарындагы жогорку окуу жайлардан да студенттер кабыл алынат.ОшМУнун профилакториясында 3 бөлмө атайын шарттары менен даярдалып атайын коноктор үчүн алыстан келген ата-энелер үчүн кызмат кылат.*

*Профилакторияда 15 штатта 12 адам иштейт жана ишмердиги ОшМУнун профсоюз комитети тарабынан къзъмълдънът.*

*Быйылкы жылы март-апрель айларында ОшМУ тарабынан 910300 (тогуз жүз он миң үч жүз) сом каражат бөлүнүп, профилакториянын ашканасы, идиш-жуучу жайы, тамак бышыруучу жайы, физкабинеттери толук оңдоп-түзөөдөн өткөрүлүп, шарттары бир кыйла жакшырды.*

*ОшМУнун профсоюз комитетинин*

*төрагасы, доцент:* *А.Саттаров.*